• *Түшүндүрмө*

# ОШТОГУ МАНАСТЫН АК ӨРГӨСУ

Ак учук менен суп манат
Үзүгүнө жаптырган.
Босогонун сыртына
Болоттон чеге кактырган...
Кабылан Манас кирет деп
Салтанатын арттырган

Ак өргө—кыргыз элинин байыркы тарыхый архитектуралык курулушу, ордосу, байлыгы, тарыхы, турмуш-тиричилиги жана аны чагылткан философиясы, эстетикасы, ошондой эле баатыр Манастын ордо үйү, каган үйү.

Ак өргөнүн архитектуралык курулуш тарыхы илимде азырынча белгисиз. Бирок, анын тарыхы болгондугун танууга болбойт.

Оштогу Академиялык Ак өргө "Манас" эпосунун үчилтигине арналып, үч кабат курулду. Анын бийиктиги 14 метр, биринчи кабатынын туурасы 18, экинчи кабатынын туурасы 12, үчүнчү кабатынын туурасы 6 метр. Ошондой эле архитектуралык жактан ар бир кабатын тегерете курчаган кол балкондон жана ага кире берүүчү кол чатырдан турат. Мындан тышкары ал ар бир кабатка көтөрүлүүгө мүмкүн болгон кол шатыга, кабаттарды кармап турган 26 устун-түркүккө жана ички-тышкы этнографиялык көркөм сүрөт жабдууларга ээ.

Ак өргөнүн архитектуралык бүтүмү байыркы ата-тектерибиздин дүйнө таануу системасына байланыштырылды жана анын негизинде келип чыккан астрономиялык таанып-билүүлөр, космогониялык түшүнүктөр, ошондой эле философиялык, мифофилософиялык кабылдоолор менен жабдылды. Мисалы Ак өргөнүн төгөрөк Жер түрүндөгү түзүлүшү. Муну биз философиялык жактан Жер деп кабылдадык да, алдынан жети Көк Букага түрттүрүп койдук. Бул символика биздин элдин эзелки түшүнүгүнө жооп берет.

Ак өргөдөгү аалам-дарак устун-түркүктөрдүн саны 1-кабатта 18,2- кабатта 8. Булардын жалпы саны 26. Бул 26 түркүктү 26 ташбака көтөрүп турат. 1-кабаттагы 18 устун Асман менен Жерди тиреп турган Аалам-Даракты күбөлөсө, 18 ташбака Жерди билдирет жана ал Аалам-Даракты жонуна көтөрүп тургандыгынан кабар берет. Булардын ичинен он сегиз устун-түркүк—элибиздин эзелки түшүнүгүндөгү он сегиз миң ааламды чагылдырып турат. Бул түшүнүктү биз дүйнөгө белгилүү Саймалуу-Таш сүрөт жазылмаларынан алып көрсөттүк.

Ак өргөнүн 2-кабатындагы сегиз устун Түрк кагандарын чагылдырып турат. Ошону менен бирге эле алардын Түрк дүйнөсү коргоп турган баатырлар, асманды кармап турган алптар, обо адамдар экендигин билдирет.

Ак өргө боюнча сөз кылганда андагы бүркүттөр жана ажыдаарлар, жолборстор жана кабыландар жөнүндө сөз кылбай өтүүгө мүмкүн эмес. Анткени, булардын семиотикалык аткарган милдеттери ар түрдүү.

Ак өргөнүн айкелдеринин саны бери болгондо 220 даана саналат. Булардын орчун тобу аалам-Устун түркүктөр аркылуу берилген.

Ак өргөнүн көркүн чыгарып турган негизги иштердин бири—кол өнөр жумуштары, килем иштери. чий чырмоо аземдери. Аталган жумуштун биринчи түрү Лейлек, Баткен, Алай аймактарынын уздарына атайын соктурулган үч ордо килем. Көргөндүн көзүнүн жоосун алган бул ордо килемдеринин өзгөчөлүгү бөтөнчө—темасында, көлөмүндө жана формасында. Булардын ичинен 1-кабаттагы жер-килемдердин салмагы -1,5 тонна, 2-кабаттагы жер килемдин салмагы-858 кг, ал эми 3-кабаттагы жер килемдин салмагы 429 кг. Булар темасы жактан да айрымалуу, өзгөчө күн сызык-лабиринт, жер жазуу карта- схема.

Ак өргөнүн 3-кабатына салынган килемдин бетине биздин байыркы жердешибиз Махмуд Кашгаринин түрк элдери жашаган аймактарды билдирген төгөрөк картасы түшүрүлсө, 2-кабаттагы килем бетине байыркы биздин ата-тектердин Алай, Баткен тоолорундагы таш беттерине Жер жана анда өздөрү жашаган аймактары тууралсында жазылган сүрөттөрү түшүрүлүп согулду. Ошондой эле буга биздин замандын 11 кылымында жашаган белгилүү грек окумуштуусу Птоломейдин Орто Азия жөнүндөгү тартып калтырган карта-схемасы далилге келтирилди.

Ак өргөдөгү дагы бир орчундуу керемет—бул чий аземи жана анын бетине түшүрүлгөн "Манас" эпосунун панорамасы. Тагыраак айтканда, Ак өргөнүн 1-кабатына тартылган чий бетине "Манас" эпосундагы согуш панорамасы түшүрүлсө, анын 2-кабатындагы чийге эпостогу мамлекеттик ишмердиктер түшүрүлдү. 3-кабатка Манас баатырдын жана Каныкей эненин балалык кезинен тартып кийинки мезгилине чейинки учурлары ороолду.

"Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесине карата тигилген бул академиялык Ак өргөнүн башкы керемети—сөөгүндө жана анын жасалышында. Атап айтканда, анын сөөгү-керегеси, уугу, түндүгү, устундары жана түркүктөрү төмөндөгүчө бүттү: Булардын ичинен керегелер кирген адамдын өмүрү узун болуп, ден соолугу сак жүрсүн үчүн, Алайдын арчасынан, кайраты темирдей бек болсун үчүн—Алайкуунун четининен, түндүгү түрүлүп турсун үчүн—Кара-Кулжанын кара талынан жасалды. Айтылуу Ак өргөнү куруу үчүн Ош жергесинде жашаган архитекторлордун, сүрөтчүлөрдүн, айкелчилердин, инженерлердин жана курулушчулардын чыгармачылык талантты ишке салынды. Бул Ак өргө биздин келечек муундарыбызга таберик болуп кала бермекчи!

Л.ЖУСУПАКМАТОВ.

ОшМУнун доценти.